# Самансур орто мектеби

# Тарбия иштери боюнча

# уч жылдык анализ

**Тарбия иштери боюнча**
**директордун орун басары:** М.Н Туйгунова

Коңурбаев Өмүрзак атындагы Самансур орто мектеби
2019-2020 -2021-окуу жылындагы тарбиялык иш-чаралардын аткарылышына анализ

2019-окуу жылы:

1. Кыргыз эл жазуучусу Ч.Айтматовдун 90 жылдыгына карата "Эң мыкты эссе", сынагына 9-класстын окуучусу Мустафаев Бейшенбектин жазган иши жөнөтүлдү." Эң мыкты поэзия" сынагына 11-класстын окуучусу Туратбек кызы Махабат катышты.

2. "Сары-Өзөн чолпондору-2019" аймактык фестиваль-сынагына жаш таланттарды тандоодо"Айбийке" бийчилер тобу "Кенже топ", "Орто топ", "Чоң топ"бөлүгү менен 7 бий көрсөтө алышты. Райондук кароо –сынагына өтүп актидүү катышкандыгы үчүн Кемин райондун "Грамотасына " ээ болушту.

3. "Эл аралык эпистолярдык жанрдагы дилбаяндар сынагы" "Өзүңдүн каарманың жөнүндө кат жаз" темасындагы жаштар арасында эл аралык эпистолярдык жанрдагы дил баян жазуу сынагынан" Кемин райондук "Кыргыз почтасы" ишканасынын өкүлү Абсаматова Алла эпстолярдык дилбаян жазууда Самансур орто мектебинин 4-классынын окуучусу Медербекова Алтынай, Кемин району боюнча мектептер арасында 3-орунга ээ болгондугун аныктап "Грамота" жана акчалай сыйлык тапшырды. Ошондой эле 3-кл. окуучулары Билимов Абдукарим жана Бакыт Ишеналиевдин жазган иши мыкты деп табылып грамота жана акчалай сыйлыкка ээ болушту.

4. Президент сүйлөйт" интеллектуалдык таймаш. Райондук таймашка Самансур орто мектебинин Манас жаштар уюмунун президенти Бейшеналиев Азамат катышты. Катышуу сынагында өзүнүн билим деңгээлин ой-түшүнүктөүн көрсөтө алды. Ошентсе да 3-орунга бир аз жетпей калды. Кийинки таймаштарга катышууга демилге жүргүздү.

5. Улуу Ата Мекендик согуштун Жеңишинин 74 жылдыгына арналган "Эрдиктердин изи менен" аттуу изилдөө иштеринин сынагы. 9-май күнү Чым-Коргон а/өкмөтүнүн алдында параддык жүрүшккө катыштык. Ошндой эле окуучулар Чым-Коргон аймагындагы мектеп аралык марш жүрүшүндө 1-2 орунга ээболушту жана акчалай сыйлыктарды алышты.

2020-окуу жылы:

1. Айтматов дүйнөсү" аттуу иш-чара жөнүндө"

Эң мыкты деп табылган 10-кл.окуучусу Мустафаев Бейшенбектин көркөм окуусу "Айтматов дүйнөсү"сынагына сайт аркылуу жөнөтүлдү.

2. "Ишембилик өткөрүү жөнүндө"

20 жылдык бүтүрүүчүлөр мектептин айланасына 20 арча көчөтүн белек кылып өздөрү отургузуп беришти.

3. Мамлекеттик кыргыз почтасы тарабынан уюшулган 48-жаштар арасындагы эл аралык эпистолярдык жанрдагы "Өзүңдүн каарманыңа кат жаз" сынагынан Республикалык кыргыз почтасынын грамотасына 5-класстын окуучусу Ишенбеков Бакыт, Билимов Абдукарим грамота жана 500 сом акчалай сыйлыкка ээ болушту.

2021-окуу жылы:

1. "Эне тилди билүү атуулдук милдет» аттуу теманын үтүндө окуучулар арасында дил баян жазылды. 10- класстын окуучусу Мирбек кызы Камила жана 11-класстын окуучусу Билимова Айжандын жазган дилбаяндары райондук сынакка жөнөтүлдү. Мамлекттик тилди даңазалаган көркөм окуу сынагына 11-класстын окуучусу Токтобекова Нагима катышып, грамотага ээ болду. Ал эми "Ай Бийке" бийчилер тобу 1 орунга ээ болуп грамота алышты.

2. "Мен Кыргызстандыкмын жана аны менен сыймыктанам 2021" кароо сынагына мектеп катышып, 2-кластын окуучусу Толонова Назима вокал боюнча, "Ай Бийке" бийчилер тобу үч бийдин даярдыгы менен барышты. Жыйынтыгында сынактан барган номерибиздин бары өтүп, облустук сынакка жолдомо алдык.

3. "Мен Кыргызстандыкмын жана аны менен сыймыктанам 2021" облустук кароо-сынагынан вокал боюнча 2-кл. окуучусу Толонова Н. 3-орунга, кыргыз бийи боюнча 9-кл.окуучусу Калкаманова 2-орунга ээ болуп, облустук громата алышты.

4. Ишембилик өткөрүү жөнүндө"

2020-окуу- жылында 20 жылдык бүтүрүүчүлөр, 20 арча көчөтүн белек кылып өздөрү отургузуп беришсе, 2021-окуу жылындагы 20 жылдык бүтүрүүчүлөр, мектеп алдына эс алып отура турган отургучтарды орнотуп беришти.

5. Улуу жеңиштин 76 жылдыгына карата "Жеңиш, Мекен жана согуш жөнүндө ырларын ырдайбыз"республикалык аскердик-атуулдук музыкалык видеорликтер сынагына жобого ылайык иш-чара аралыктан онлайн түрүндө өткөзүлдү. 7-класстын мугалими Кабылбекова Айпери ачык тарбиялык саат өтүп, музыкалык инценировка даярдады.
Жобонун талаптарына ылайык вокалдык номер видеого жаздыруу менен видеосюжетти көрсөтүү менен тартылып сайтка жөнөтүлдү.
Ошондой эле өз элинен чыккан Улуу Жеңиштин катышуучулары жөнүндө маалымат беришип, ураан, чакырык жасашты. Албетте окуучулар бул Жеңиштин келиши боюнча кабардар экенин байкай алдык. Ошентсе да жаш муундардын сезимине азыркы жашоонун ырахаты кимдер тарабынан келдгендиги тууралуу тарых издерин жеткизип туруу биздин милдет

Кайрымдуулук акциясы боюнча мектепте окуган, мүмкүнчүлүгү чектелген 3 окуучуга жыл сайын окуучулар тарабынан жардам көрсөтүлүп турат.

2020-2021-окуу жылы арлыктан окулуп жаткандыгына карабастан даталуу күндөрдү жана Буйруктун негизинде келген тапшырмаларды онлайн түрүндө даярдап, көрсөтүп тиешелүү жерлерге жөнөтүлүп жатты.
Аймактан сырткаркы сынактарга да аралыктан катышып турдук.

Тарбиялык сааттардын өтүлүшү окуучулар үчүн , мугалим, ата-энелер үчүн чоң көрсөткүч экенине барыбыз ынанабыз. Айрыкча жаш муундар таалим-тарбиянын негизинде өрчүп- өсүшөөрү анык. Ошондуктан, "Билим алуунун башаты тарбия" деп бекер айтылган эмес. Бардык ийгиликтер тартип күчтүү болгон жерде ишке ашат. Колдон келсе тарбия иштерин күчөтүү өзгөрүүгө алып келет деп ойлойм.

Самансур орто мектебинде 2020-2021-окуу жылында өкмөт тарабынан келген буйруктардын негизинде жана даталуу күндөргө карата тарбиялык иш-чаралар дайыма өткөзүлүп келди. Алгач окуу жылынын башталышы аралыктан окутуу менен башталгандыктан, иш-чаралар да онлайн режиминде өтүлүп башталды.

№ 163 Буйрук 1-сентябрь "Билим күнүнө карата салтанаттуу линейка, тарбиялык ачык сааттар "Сүйүктүү Кыргызстаным" деген теманын негизинде өтүлүп, видео роликтер жасалды. 5-11-класстарга "Сүйүктүү Кыргызстаным" аттуу темада жат жазуу жана эссе иштери жаздырылды. Республикалык онлайн акциясына катыштык.

№ Буйрук «9-сентябрь Комуз күнүнө» карата класстык сааттар өтүлдү. Комуз кыргыз элинин салттуу маданиятынын көрөңгөсүнүн бири экендигин тастыктоо менен улуттук аспабтын жаралыш тарыхы жана сакталып келиши тууралуу, окуучуларга маалыматтар берилди.
Класс жетекчилер, комуздун жасалышы, өзгөчөлүгү, чебер аткаруучулардын комузда ойногону, дүйнөгө таанымалдыгы жөнүндө тарбиялык сааттарды өтүштү. Өнөр таланттарынын комуз коштоосунда ойногон күүлөрү, ырлары , бийлери көрсөтүлдү. Бардык класс жетекчилер, тарбиялык сааттарын кызыктуу жана жогорку деңгээлде өтө алышты.
Жогорудагы иштердин аткарылышы видео слайд жасоо менен көргөзүлдү.

Мамлекеттик кыргыз почтасы тарабынан уюшулган "Кат формасындагы дил баян жазуу" сынагынын жыйынтыгы боюнча, Республикалык кыргыз почтасынын грамотасына 5-класстын окуучусу Ишенбеков Бакыт, Билимов Абдукрим грамота жана 500 сом акчалай сыйлыкка ээ болушту. Бул мектеп үчүн чоң сыймык болду десем жаңылышпайм.

№ 186 Буйрук «Мамлеккеттик тил күнүн белгилөө жөнүндө»

.

Самансур орто мектебинде Мамлекеттик тил күнүнө карата план иштелип чыгып, мугалимдерге тааныштырылды. Кыргыз тилинин көөнөрбөс баалуулуктарын чагылдырып, 1-11 класстарда видео слайддарды жасоо менен класстык сааттарды өтүштү. Окуучулар арасында көркөм окуу, айтылып жөнөтүлдү

Мамлекттик тил күнүнө карата республикалык сынакка кыргыз тилин даңазалаган дубал гезиттер, буклеттер чыгарылып, жасалды. Ошону менен

бирге эле кол-өнөрчүлүк боюнча кийизден боелгон түстөр менен кыргыз жерин, тоосун суусун, бөз үйүнүн жасалгалары жасалды.
«Эне тилди билүү атуулдук милдет» аттуу теманын үтүндө окуучулар арасында дил баян жазылды. 10- класстын окуучусу Мирбек кызы Камила жана 11-класстын окуучусу Билимова Айжандын жазган дилбаяндары райондук сынакка жөнөтүлдү. Мамлекттик тилди даңазалаган көркөм окуу сынагына 11-класстын окуучусу Токтобекова Нагима катышып, грамотага ээ болду. Ал эми "Ай Бийке" бийчилер тобу 1 орунга ээ болуп грамота алышты.

№ Буйрук "Күз майрамы" боюнча буйруктун негизинде класстык сааттар өтүлүп, жасалган кол өнөрлөрү боюнча 5-класстын окуучусу Ишенбеков Б. Аблакимова А. 6-класстын окуучусу Медербекова А., 7-класстын окуучусу Кубатбекова А. жасаган иштери райондук сынакка онлайн аркылуу жөнөтүлдү.

№ 72 Буйрук "Менин айылым" сынагына 11-класстын окуучуларынын жасаган иши мыкты деп тандалып, райондук сынакка жөнөтүлдү. 11-класстын окуучусу Токтобекова Нагима жасаган иштери боюнча жактап , райондук мактоо грамотасына ээ болду

№ 106 тБуйрук "Бүткүл дүйнөлүк СПИД күнү" буйруктун негизинде класс жетечилер класстык сааттарды өтүштү. Видео роликтерди жасашып, окуучуларга түшүндүрмө иштерин жүргүзүштү.

№ 55 Буйрук "Авганчылардын жана Ата Мекнчилердин коргоо күнү" Буйруктун негизинде 18-февраль 2021-жылы "Ооган күнү" аттуу тема менен 10-класстын класс жетекчиси Алыбек кызы Анара ачык тарбиялык саат өттү.
24-февраль 2021-жылы "Ата Мекенди коргоочулар күнүнө" карата мектеп ичинде, класстарда тарбиялык сааттар өүлдү. Окуучулар арасында Мекенди коргоого даяр туруу сезимин билгизген сүрөттөр тартылды. Белек катары окуучулардын колу менен китепчелер жасалды.
6-класстын класс жетекчиси Райымкулова А.О "23-февраль Ата Мекнди коргоо күнү" деген темада ачык тарбиялык саат өттү. Балдар бул майрамда жоокердин кызматын , атуулдук милдеттин ыйыктыгын билдирүү максатындагы ырларды, көркөм айтууларды

айтышты. Ошондой эле жоокердик милдетке даяр туруу сезимин билгизген инцениpовка көрсөтүштү.

№ 84 Буйрук "Мен Кыргызстандыкмын жана аны менен сыймыктанам" кароо сынагына мектеп катышты. 2021-жылы 10 – мартта райондук маданият үйүндө "Мен Кыргызстандыкмын жана аны менен сыймыктанам 2021" кароо-сынагына 2-кластын окуучусу Толонова Назима вокал боюнча, "Ай Бийке" бийчилер тобу үч бийдин даярдыгы менен барышты. Жыйынтыгында сынактан барган номерибиздин бары өтүп, облустук сынакка жолдомо алдык.

№ Буйрук "Нооруз- 2021" майрамы боюнча мектеп ичинде уюштуруу иштери жүргүзүлдү. Дубал гезиттер жасалып, Нооруз майрамынын көрүнүшү аныкталды. 11-класстын окуучулары Мустафаев Бейшенбек жана Токтобекова Нагиманын жетекчилиги менен майрам уюштурулуп, улуттук кийимдердин түрлөрүн көрсөтмө катары чыгарышты. 3-класстын даярдалган тарбиялык ачык сааты жалпы көрсөтүлдү. Класс жетекчиси Молдокулова А.

№ Буйрук "Элдик Апрель революциясына арналган" иш-чараларды өткөрүү жөнүндө"
Дубал гезиттер жана буклеттер чыгарылды. Сүрөт мугалими балдар менен чыгармачылык иштерди жүргүздү. Класстык сааттар апрель айына коюлгандыктан аралыктан тарбиялык окутуу иштерин өтүп жатышты. Видео көрсөтүүлөрүн жасашты. 8-класстын класс жетекчиси Акматылдаева Жылдыз ачык тарбиялык саат өтүп, видео роликтерди көрсөттү.

№ 28 Буйрук "Жалпы билим берүү мектептердин окуучулар арасында респиратурдук вирустук катуу инфекциялардын алдын алуу жөнүндө"
Буйруктун негизинде мектеп ичинде план тузулуп тааныштырылды.
Балдар арасында респиратордук вирустук катуу инфекциялардын, суук тийгендеги оорулардын жана сасык тумоонун алдын алуу боюнча мектеп ичинде түшүндүрүү иштери жургүзүлдү. Ар бир класс жетекчи класстык сааттарда балдарга кененирээк маалыматтарды берип жатышты. Медицина кызматкерлери менен ата-энелерге да түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп турду. Өздүк гигиенаны сактоо, кытайдан келген балдар жечүү арзан татымдарды жебөө, көчөдөгү сатып жаткан тамак –аштардан алыс болуу, таза жүрүү эржелери эскертилип турду.
Ошондой эле коронавирус жөнүндө класстарда жат жазуу иши алынды.
Окуучулардын тамак-аш ичүү жайы гигиенаны сактап, окуучулардын кол

жуусуна көңүл дайыма бөлүндү.
Азыркы болуп жаткан кырдаалга байаланыштуу тамак-аштарды, буюмдарды сатып алууда өзгөчө сак болуу маалыматтары түшүндүрүлүп берилип жатты. Мындан сырткары өздүк гигиенаны туура сактоо, колду дайыма самын менен туура ыкмада жууп туруу жолдору көрсөтүлүп турду.ата-энелер менен дайма байланыш жүргүзүлдү.

№ Буйрук "Эл аралык эне тил күнүнө" карата 19-февраль 2021-жылы музыка сабагынын мугалими Өмүрбек кызы Астрахан "Эл аралык эне тил күнүнө" майрамдык маанай тартуулады. Улуттар аралык маданий көрүнүштөр, мамлекеттик атрибуттар, жана буклеттер жасалып көргөзмөгө коюлду. Көркөм окуулар айтылды. Ошондой эле улуттардын ыр-бийлери аткарылды. Бул майрам, ынтымактын, биримдиктин, достуктун майрамы экендигине дагы бир жолу күбө болушту.

№ Буйрук Мектеп ичинде 5-март "Ак калпак күнү" менен 8-март майрамы бирге өтүлдү. Бул майрам негизинен Манас жаштар уюму тарабынан иштелип чыкты. Майрамды алып баруучулар мектеп президенти Мустафаев Бейшенбек жана парламенттин окуу бөлүмү боюнча комитет жетекчиси Токтобекова Нагима алып барышты. Алгач "АК калпак күнү менен куттукташып, калпактын маани-маңызын айтып өтүштү. "Ак калпак" тууралуу жасалган дубал гезит боюнча аныктама беришти. Улуттун баш кийиминин улуулугу жөнүндө көрмө тасма көрсөтүштү.
"

№ 73 Буйрук Улуу жеңиштин 76 жылдыгына карата "Жеңиш, Мекен жана согуш жөнүндө ырларын ырдайбыз"республикалык аскердик-атуулдук музыкалык видеорликтер сынагына жобого ылайык иш-чара аралыктан онлайн түрүндө өткөзүлдү. 7-класстын мугалими Кабылбекова Айпери ачык тарбиялык саат өтүп, музыкалык инценировка даярдады.
Жобонун талаптарына ылайык вокалдык номер видеого жаздыруу менен видеосюжетти көрсөтүү менен тартылып сайтка жөнөтүлдү.
Ошондой эле өз элинен чыккан Улуу Жеңиштин катышуучулары жөнүндө маалымат беришип, ураан, чакырык жасашты. Албетте окуучулар бул Жеңиштин келиши боюнча кабардар экенин байкай алдык. Ошентсе да жаш муундардын сезимине азыркы жашоонун ырахаты кимдер тарабынан келдгендиги тууралуу тарых издерин жеткизип туруу биздин милдет.

№ 113 буйрук " Ишембилик өткөрүү жөнүндө"
Ишембилик уюштурулду. Мектеп айланасын тазалоо иштери жүргүзүлдү. Суу кеткен арыктар тазаланды. Гул отургузулду. Бактар акталды. Акыр чикирлер

таштандыгыа ташылып чыгарылды. Көрктөндүрүү иштери активдүү жүргүзүлдү. Бул иштер короновирус башталганга чейин эле жумуштар аткарылып келген. 2020-окуу- жылында 20 жылдык бүтүрүүчүлөр, 20 арча көчөтүн белек кылып өздөрү отургузуп беришсе, 2021-окуу жылындагы 20 жылдык бүтүрүүчүлөр, мектеп алдына эс алып отура турган отургучтарды орнотуп беришти.
Бул да болсо мектеп жамаатына жана окуучуларыбызга кубаныч тартуулоо белеги болду. Ал эми бүтүрүүчүлөр дайыма окуткан эжей-агайларын , мектебин сыймыктана эстей тургандарына күбө болдук.

№ 190 Буйрук "Акыркы коңгуроо майрамын өткөрүү жөнүндө"
Аралыктан окутуу боюнча "Акыркы коңгуроо" майрамы жургузулду.
2021-жылдын бүтүрүүчүлөру 7 окуучу: 5 кыз, 2 эркек. Аралыктан видео жасоо менен бүтүрүүчүлөр менен бирдикте жагымдуу маанай тартуулоо иштери жүргүзүлдү.

№ 193 Буйрук "Балдардын жайкы каникул убагындагы коопсуздугун сактоо"

Буйруктун негизинде класс жетекчилер, балдарга жана ата-энелерге каникул убагында балдарга өтө сактык менен мамиле жасоо, өз алдынча көчөлөргө, эс-алуу жерлерге, тоолорго, кафелерге жөнөтпөөнү эскертишти. Ошону менен бирдикте ата-энелерден түшүнүк кат алынды

Жогорудагы иш-чаралардын бардыгы фото, видео отчет менен райондук билим тармагына жөнөтүлүп турду. Биринчи жарым жылдык окуу процесси аралыктан окутууга карабастан мугалимдер тарбиялык сааттарын видео жасоо, роликтерди жасоо аркылуу балдардын маанайын көтөрүү максатында колдорунан келишинче кызыктуу, жагымдуу жасап көрсөткөнгө умтулушту. Дээрлик аралыктан окутуу учурундагы билим берүү тармагынан келген буйруктардын негизиндеги тарбиялык иштерди видео жасоо аркылуу ар бир класс жетекчи аткарууга чоң салымдарын кошушту.
Көптөгөн чыгармачылык иштерин идея жаратуу менен жасап көрсөтүштү.
Азыркы кырдаалда биздин балдардын ой-жүгүртүүсү, түшүнүүсү, окуунун аралыктан болуп жатканы бир топ кыйынчылыктарга алып келээрин барыбыз эле түшүнүп калдык окшойт. Ошентсе да мектеп ичиндеги басып-туруп, билим-тарбия алуунун өзүнчө өзгөчөлүгү бар экени билинип турат.
Балдарга таалим-тарбиянын өзгөчө таасири чоң, ошондуктан тарбия ишин күчөтүү керектиги барыбызга маалым.

Тарбия завуч [signature] Түгүнова И.Н.

**Ө.Коңурбаев атындагы Самансур орто мектебинин 2018-2019-окуу жылында иштелип чыккан тарбиялык сааттын жылдык маалыматы**

Самансур орто мектебинде 2018-2019-окуу жылында өкмөт тарабынан келген буйруктардын негизинде жана даталуу күндөргө карата тарбиялык иш-чаралар дайыма өткөзүлүп келди. Алгач окуу жылынын башталышы, 1-сентябрь "Билим күнүнө карата салтанаттуу линейкага акимият тарабынан өкүл Абдразаков Өмүрбек Курманбекович, Чым-Коргон а/өкмөт аймагындагы аксакалдар сотунун төрагасы Курманалиев С.М., жергиликтүү депутаттар, ардагер мугалимдер жана ата-энелер окуучулар мугалимдер жамаааты катышты.
Билим күнүнө жана Кыргызстандын Эгемендүүлүгүнө карата тарбиялык ачык сааттар башталып, келген коноктор класстарга бөлүштүрүлдү. 1-4-класстар үчүн "Мен жашаган айыл", 5-7-класстар үчүн "Менин кичи мекеним", ,
9-10-11-класстарда "Мекенимдин тагдыры" аттуу темалардын үстүндө ачык тарбиялык сааттар өтүлдү. Келген коноктор ачык тарбиялык саатка катышты.
5-11-класстарга "Эгемендүү Кыргызстан" аттуу темада жат жазуу жаздырылды.

№ 141 буйрук Кыргыз эл жазуучусу Ч.Айтматовдун 90 жылдыгына карата "Эң мыкты эссе", сынагына 9-класстын окуучусу Мустафаев Бейшенбектин жазган иши жөнөтүлдү." Эң мыкты поэзия" сынагына 11-класстын окуучусу Туратбек кызы Махабат катышты.

№175 Буйруктун негизинде "2018-жыл аймактарды өнүктүрүү" жылынын алкагында Ч.Айтматовдун 90 жылдыгына жана 23-сентябрь мамлекеттик тил күнүнө " мектеп ичинде план түзүлүп иш-чаралар өткөзүлдү. Атйын иш-чаранын өтүлүшү боюнча комиссия курамы түзүлдү. Аткарылган иштер: "Мамлекеттик тил улуттук кенч" класстык тарбиялык сааттар өтүлдү. Бардык класстар класстык бурчтарды уюштурду. "Мамлекеттин келечеги жаштарда" дилбаян эссе жаздырылды. Класстар аралык көкөм окуу өткөзүлдү. "Өнөр алды – кызыл тил" макал-лакаптар, жаңылмачтар айтылды. Музыка мугалими Өмүрбек кызы Астра "Ырдайлы кыргыз ырларын" аттуу ыр-күү ышкыбоздору менен бирдикте таланттар таймашын уюштурду. Көркөм өнөрчүлүк боюнча мугалим Мусаева А.А. кол ийрим иштүүлөрүнүн сынагын уюштуруп., мыкты эмгек жасагандарга грамота тапшырды. "Мамлекеттик тилдин өнүгүшүнө кошкон салымым" деген теманын негизинде 11-класстын окуучулары менен бирдикте диспут өткөзүлдү. Китепканачы "Тил биримдик тиреги" аттуу китеп көргөзмөсүн уюштурду.

№181 Буйрук "Коомдук ишмер Султан Ибраимодун 90 жылдыгы" өткөрүү боюнча. Бул иш-чара боюнча райондук деңгээлде Самансур орто мектебинде

өтүү планга киргизилип бекитилген. Мектеп иш-чаранын өтүлүшү боюнча план түзүп, төмөнкү иштерди жүргүздүк. Ар бир класс С.Ибраимов тууралуу класстык саатарды өткөзүштү. Инсан тууралуу буклеттерди, эмгегин чагылдырган дубал гезиттерди чыгарышты.

Кемин райондук билим берүү бөлүмүнүн жетектөөчү адиси Мурзалиева А.К. менен райондук билим берүү мектептеринин организаторлору бул иш-чарага күбө болушту. С.Ибраимодун басып өкөн жолу менен эмгеги тууралуу сахналаштырылып , ага арналган көркөм окуулар жана видео тасма көрсөтүлдү. Жыйынтыгында иш-чара боюнча жылуу ыраазычылык пикирлер айтылды. Райондук буйруктардын аткарылышы боюнча жыйынтык талдоодо С,Ибраимодун 90 жылдыгынын өткөрүлүшү жогорку дэңгээлде уюшулгандыгын аныктаган Кемин райондук билим берүү бөлүмү тарабынан тарбия иштери боюнча директордун орун басары Туйгунова М.Н.ге "Ардак грамота" тапшырылды.

№ 184 Буйрук "Алар коргоону суранышат" экология сынагы. Бул иш-чара боюнча мекетеп ичинде окуучулар менен түшүндүрүү иштерин биология мугалими Кийизбаев К. иштеп жүргүзүдү. Окуучулар арасында иштелип чыккан иштин жыйынтыгы боюнча 8-класстын окуучусу Саякбаев Элдиярдын иши мыкты деп табылып райондук сынакка жөнөтүлдү.

№ 185 Буйруктун негизинде "Бабалардын баа жеткис" белеги аймак таануу сынагы боюнча география мугалими Кийизбаев К. тарых мугалими Абдыгулова А. окуучулар менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, сынакка даярдоо иштерин өткөзүштү. Жыйынтыгында 9-класстын окуучусу Токтогулов А. 10-кл. Окуучусу Сартпаев Анын жазган. иши райондук сынакка жөнөтүлдү.

№ 189 " Буйрук "1-декабрь Бүткүл дүйнөлүк СПИД оорусу" "Биз СПИДке каршыбыз" аттуу иш-чараны өткөрүү.
Иш-чараны өкөрүү боюнча мектеп ичинде план иштелип чыкты. План мугалимдерге тааныштырылып жыл бою иштелген иштер белгиленди. Айылдык медайым Райымова А. "СПИД" тууралуу түшүндүрүү иштерин дайымы жүргүзүп турду. Класс жетекчилер дубал гезиттерди чыгарып, класстык сааттарды өкөрүштү.
1-декабрь "СПИДке" каршы күнүнө карата 10-класстын кл.жетекчиси Мусаева А ачык тарбиялык саатын кыска монтаждуу роликтерди, маалыматтарды, дүйнөлүк "СПИДдин таралышы боюнча медициналык монтаждарды берүү аркылуу көрсөтүп өттү.
Класстардын жаш өзгөчөлүгүнө карап, ВИЧ/СПИД тууралуу түшүндүрмөлүү

жат жазуу жаздырылды.
№ 215 Буйруктун негизинде "Тарых ата-бабаларды эскерүү күндөрүн белгилөө" Боюнча мектеп ичинде план иштелип, дубал көргөзмөсү уюштурулду. Анда тарыхта из калтырган инсандардын сүрөттөрү, "Үркүн" көргөзмөсү чыгарылды. Буклетттер жасалды. 6-11-кл окуучулары "Үркүн" окуясынан кыскача сахналаштырып,инсандар жөнүндө слайддын коштоосунда көркөм окуу айтылды. Тарых мугалими Абдыгулова А. мектеп ичиндеги муйзейди окуучуларга график боюнча тааныштырып чыкты. Дил баян рефераттар жазылды. "Үркүн" жөнүндө документалдуу тасма көрсөтүлдү.

№28 Буйрук "Атанын керээзи" аттуу кино тасмасы райондук билим берүү тармагынын көрсөтүлгөн графиги боюнча келип, окуучуларга көрсөтүлдү. Окуучулар кино тасмасы тууралуу дил баян жана эссе жазышты.
жана «Туулуп оскон кичи мекеним» деген темада карта тушурулуп банер жасалды.

№ Буйрук "Балаты майрамынын өтүлүшү жөнүндө"
"Балаты" майрамы 27-декабрда болуп өттү.
. Быйылкы жылда мектеп өзүбүз, ата-энелер комитетинин жардамы менен уюштурулуп өткөздүк. Аяз ата менен аяз кыздын кийимин жана балдарга белектерди ата-энелер даярдап беришти.
Мугалимдер жааматы программаны даярдап ар бир класс өз даярдыктарын көргөзө алышты. "Балаты" майрамы эки топ менен өттү:
1. 1-2-3-4--кл. Куурчак театр менен биргеликте болушту.биринчи топ саат 09-00дон 10-15минута өткөндө бүттү.
2. 5-6-7-8-9-10-11-кл. экинчи топ саат 13-00дон 16-00до бүттү.
Экинчи топко ата-энелер комитети тарабынан даярдалган белектер берилди. Техникалык коопсуздук эрежелери сакталып, жардыргычтар колдонулган жок.Негизинен "Балаты майрамы тынч, жакшы маанайда өттү.

№ Буйрук "Аскердик-атуулдук ырлардын республикалык кароо-сынагы"
Бул сынак 3 наминация менен өтүлдү.
1. Согуш жылдарындагы ырлар номинациясы Жумакадырова А. 8-кл.
2. Атуулдук ырлар номинациясы Мустафаев Б. 8-кл.
3. Көркөм окуу номинациясы Туратбек кызы Махабат 10-кл.
Бул окуучулар райондук сынакка катышып, өздөрүнүн артыкчылыктарын көрсөтө алышты.

№ Буйрук “Сары-Өзөн чолпондору-2019” аймактык фестиваль-сынагына жаш таланттарды тандоодо“Айбийке” бийчилер тобу “Кенже топ”, “Орто топ”, “Чоң топ”бөлүгү менен 7 бий көрсөтө алышты. Көркөм жетекчиси Алымбек кызы Дениза. Жеке обондуу ырлары да аткарылды. Жыйынтыгында “чыгыш” элдик бийи райондук кароо –сынагына өтүп активдүү катышкандыгы үчүн Кемин райондун “Грамотасына “ ээ болушту.

№ 45 Буйрук “21 февраль Эл аралык эне тил күнүнүн өтүлүшү” боюнча мектеп ичинде план иштелип чыкты.. Ынтымактын, достуктун, биримдиктин бекемдигин көрсөткөн майрам белгиленди. Улуттар арасындагы каада-салттар, маданияты көрсөтүлдү. Ар бир класс тандалган улуттары боюнча дубал гезит, буклет жасап чыгарышты , жакташты. Бардыгы улуттардын өзгөчөлүгүн жогорку деңгээлде аныктап бере алышты. Ошондой болсо да төмөнкү класстан 4-кл. өзбек эли, 6-кл. кытай эли эң мыкты деп табылды. Дубал гезитти жактоодо 9-класстыкы татыктуу деп белгиленди.

№49 Буйрук “Эл аралык эпистолярдык жанрдагы дилбаяндар сынагы” “Өзүңдүн каарманың жөнүндө кат жаз” темасындагы жаштар арасында эл аралык эпистолярдык жанрдагы дил баян жазуу сынагына Самансур орто мектебинин окуучулары да катышты. Жыйынтыгында жөнөтүлгөн сынак боюнча жеңишке жетишкендер аныкталды. 25 июнь “Акыркы коңгуроо” салтанатында, Кемин райондук “Кыргыз почтасы” ишканасынын өкүлү Абсаматова Алла эпстолярдык дилбаян жазууда Самансур орто мектебинин 4-классынын окуучусу Медербекова Алтынай, Кемин району боюнча мектептер арасында 3-орунга ээ болгондугун аныктап “Грамота” жана акчалай сыйлык тапшырды. Ошондой эле 3-кл. окуучулары Билимов Абдукарим жана Бакыт Ишеналиевдин жазган иши мыкты деп табылып грамота жана акчалай сыйлыкка ээ болушту.

№ 50 Буйрук 2019-2020-жылдарга расалык басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу боюнча иш-чараларды жүргүзүү боюнча буйрук, жалпы мугалимдер жамаатына тааныштырылды. Түшүндүрүү иштери аныкталды.

№53 Буйрук системалуу коррупцияны демантаждоо боюнча кадамдык иш-чаралар тиркемеси, мектеп жамаатына тааныштырылды. Окуучулар арасында9-10-11-класстар менен “Коррупция деген эмне”, “Коррупция менен кантип күрөшөбүз” деген теманын үстүндө видео роликтерди көрсөтүү менен диспут өтүлдү.

“Ооган согушунун 30 жылдыгына” карата 8-класстын кл жетекчиси Алымбек кызы Анара “Ооган согушунун тактары – 30 жыл” аттуу кечесин өттү. Ооган согушунуну ардагерлери Самансур айылында да бар. Жолугушууга чакырылган. Окуя болгон көрүнүштөр видео тасмалар менен түшүндүрүлдү. Ырчы, дастанчы Роза Аманованын чыгармасына жазылган “Ооган согушу” тууралуу музыкалык кино тасма коюлду.

№ 69 Буйрук “8 - март Аялдардын эл аралык күнүнө карата” мектеп ичинде иш-чаралар өтүлдү. Төмөнкү класстар класстык сааттарды өткөрүштү. Жогорку класстар майрамдык кече тартуулашты. “Апалар” майрамына арналган райондук көркөм окуу сынагынын тандоо турууна
8-кл. окуучусу Саякбаев Эрлан
9-кл. окуучусу Мустафаев Бейшенбек катышты.

№71 Буйрук “-март Кыргыз Республикасынын туусунун кабыл алынгандыгынын 27 жылдыгына жана 5-март Ак калпак күнүнө” карата өткөрүлгөн иш-чарада Самансур орто мектеби салтанаттуу линейка өткөзүү менен окуучулар арасында суроо –жоопторду алуу менен ой-пикирлери угулду. Мектеп алдында мугалимдер жана окуучулар ак калпактын фигураларын жана туунун түндүгүн жасап көргөзүштү. Класстык сааттар өтүлдү. Дене тарбия мугалими спорттук оюндарды уюштурду.

№ 79 Буйрук “Президент сүйлөйт” интеллектуалдык таймаш.
Райондук таймашка Самансур орто мектебинин Манас жаштар уюумунун президенти Бейшеналиев Азамат катышты. Катышуу сынагында өзүнүн билим деңгээлин ой-түшүнүктөүн көрсөтө алды. Ошентсе да 3-орунга бир аз жетпей калды. Кийинки таймаштарга катышууга демилге жүргүздү.

№ 82 Буйрук “Нооруз майрамы”
“Бар бол Нооруз”, “Нооруз көктөм майрамы” аттуу темалар менен төмөнкү класстар класстык сааттарды өткөрүштү. 4-класстын класс жетекчиси Кубанычбек кызы Гулназ жакшы деҢгээлде өттү. Окуучулар кичинекей болсо да Нооруз майрамынын максатын ачып бере алышты.
Мектеп айланасын Нооруз көктөмүнө карата тазалоо иштери жүргүзүлдү.

“Арыба Нооруз – 2019” жалпы майрамы уюштурулду. Майрамды 9-класстын окуучулары жогорку деңгээлде алып барышты.

№ Буйруктун негизинде “7-апрель элдик ынкылабынын 7жылдыгы, Аксы

окуясына жана 24-март элдик революциясына арналган иш-чаралар жөнүндө"
"Кыргызстандын демократиялык өүгүү жолундагы үч ашуу" аттуу теманын негизинде класстардын өзгөчөлүгүнө карата класстык ачык сааттар өтүлдү. Дубал гезиттер чыгарылып, чыгарган класстар гезитин жактап да беришти.

"Элдик революция, апрель окусы балдардан көзү менен" сүрөт сынагы окуучулар арасында жүргүзүлдү. Жакшы деп табылган окуучулар райондук сынакка катыша алышты.

Алар:

1. Мирбек кызы Камила 7-кл.
2. Туратбек уулу Бакыт 6-кл.

Окуучулардын эрдигин тастыктаган "Эрктүүлүк" спорт оюндары өтүлдү. Мында 7-8-класстын окуучулары өздөрүнүн шамдагайлыгын көрсөтө алышты. "Кыргызстандын демократиялык өнүгүү жолундагы үч ашуу" аттуу сабак диспут өтүлдү. Сабак диспутту тарых мугалими Абдыгулова Айнагүл алып барды. Ошону менен бирге Самансур айылынан апрель окуясына катышкан баатыр каармандын өзү жумуш менен келбей калгандыгына байланыштуу , анын "Баатыр" деген күбөлүгү ордени слайд аркылуу окуучуларга көрсөтүлдү. Ошондой эле окуучуларга суроолор берилип жогорудагы окуялардын канчалык деңгээлде билишери аныкталды.

Баатырлар илинген сүрөттөрдүн алдына эскерүү минутасы уюштурулду.

№ 83 буйрук "Үч айлык ишембилик өткөрүү жөнүндө"
Ишембилик март , апрель, май айларында уюштурулду. Үч айдын ичинде мектеп айланасын тазалоо иштери жүргүзүлдү. Суу кеткен арыктар тазаланды. Гул отургузулду. Бактар акталды. Акыр чикирлер таштандыгыа ташылып чыгарылды. Көрктөндүрүү иштери активдүү жүргүзулдү.

№ 98 Буйрук "Улуу Ата Мекендик согуштун Жеңишинин 74 жылдыгына арналган "Эрдиктердин изи менен" аттуу изилдөө иштеринин сынагы.
Мектеп ичинде класстык сааттар өтүлдү. "Эч ким, эч качан унутулбайт" аттуу иш-чара уюштурулду. Класс жетекчи Акматылдаева видео тасмалар менен согуш тактарын көрсөтүп өттү. Кары-картаңдардын суроосу боюнча үйлөрүнө жардам көрсөтүштү.
9-май күнү Чым-Коргон а/өкмөтүнүн алдында параддык жүрүшккө катыштык. Ошндой эле окуучулар Чым-Коргон аймагындагы мектеп аралык марш жүрүшүндө 1-2 орунга ээболушту жана акчалай сыйлыктарды алышты.

№ 143 Буйрук "Улуу Ата Мекендик согуштун Жеңишинин 74 жылдыгына арналган "Согуш жөнүндө эмес, адам жөнүндө жазам" аттуу сүрөт сынагы
Сынакка мектеп ичинде сүрөт мугалими уюштуруу иштерин жүргүздү. Жакшы деп тандалган сүрөттөр райондук сынакка жөнөтүлдү.

№ 155 Буйрук "Атактуу инсандар" аттуу иш-чараларды өткөрүү жөнүндө
Атактуу инсандар темасында класстык сааттар өтүлдү. 5-6-7-класстарда жат жазуу жаздырылды. 8-9-10-класстарда дилбаян жаздырылды.
8- 9-класстар бирдикте Токтогул Сатылганов боюнча ачык класстык саат отүлдү. Көргөзмө куралдар кеңири пайдаланды. Эл акыны Токтогулдун Сибирге айдалганынан келгенине чейин мааалымат топтомдору көрсөтүлдү.
Окуучулар акын жөнүндө билгендерин айтып көркөм окуу менен бирге тартылган кино тасмасын баяндашты. Класстык саатты алып барган Алыбек кызы Анара.

№ 165 Буйрук "Акыркы коңгуроо майрамын өткөрүү жөнүндө"
Акыркы коңуроо салтанаты 25-майда саат 10-00 башталды. Бул салтанатка акимият тарабынан өкүл катары Кемин райондук суу чарба жетекчиси Абдразаков Ө.К., "Кыргыз почтасы" кызматкери Абласова Алла. а/өкмөтүнүн өкүлдөрү, айыл башчы. Ардагер мугалимдер бүтүрүүчүлөр, ата-энелер жана окуучулар катышты. Кыргыз почтасынын өкүлү "Өзүңдүн каарманың жөнүндө кат жаз" сынагынын жеңүүчүлөрүнө грамота жана акчалай сыйлыктарды тапшырды. а/өкмөтү тарабынан "эң мыкты окуган окуучуларга акчалай сыйлык берилди. Ошондой эле райондук "Жыл мугалими" 2-орундун жеңүүчүсү Алыбек кызы Анарага А/өкмөтүнүн "Ардак грамотасын" жана акчалай сыйлык тапшырылды.

№ 166 Буйрук "Жалпы негизги жана орто жалпы билим берүүчү мектептердин бүтүрүүчүлөрүнө билим жөнүндө документтерди салтанаттуу тапшыруу иш-чараларын өткөрүү жөнүндө"
21 июнда толук эмес орто билимге ээ болгон 9-класстын окуучуларына күбөлүк тапшыруу аземи болду. 9-классты 8 кыз, 7 эркек бала аяктады. Жалпы 15 окуучу бүтүрдү. Кл.жетекчиси Туйгунова М.Н.
Толук орто билимге ээ болуу аттестаттарын тапшыруу салтанаты 24 июнда болуп өттү. 11-класста з эркек, 4 кыз. Жалпы 7 окуучу аяктады. Класс жетекчи Акматылдаева Ж.Ж.

Жогорудагы иш-чаралардын бардыгы фото отчет менен райондук билим тармагына жөнөтүлдү.

Тарбия иштери боюнча
директордун орун басары Туйгунова М.Н.

Өмүрзак Коңурбаев атындагы Самансур орто мектеби 2021-2022-окуу жылына тарбиялык иштер боюнча өткөрүлгөн иш чаралардын маалыматы.

Тарбия иштеринин жылдык планы иштелип чыгып, бекитилди. Планда көрсөтүлгөн жана Кемин райондук билим берүү бөлүмүнөн келген буйруктун негизинде жыл бою ар кандай иш чаралар алынып барылды. Ар бир класста жылдык тарбия планы бекитилип ар бир жумада бир күндө тарбиялык сааттар окуучунун жаш өзгөчөлүгүн эске алуу менен тематикалашып өтүлүп , класс ичиндеги ар кандай маселелер каралып жатты. Календардагы даталуу күндөргө атайын ачык тарбиялык сааттар өтүлүп , майрамдык кечелер уюштурулуп турду. Балдардын өз алдынча башкаруу иштери уюштурулуп, мектеп президенти, мектеп парламенти дайындалды. “Жолдоо жүрүү эрежеси” жана “Өрт коопсуздук эрежеси” боюнча жыл башында жана жыл ичинде профилактикалык иштер өтүлүп турду. “Мен жана менин укугум” аттуу мектептин уставын ,балдардын конвенциясы КР адам укугунун кодекстери жөнүндө ата-энелер жана балдар менен биргеликте семинарлар өтүлүп ИДН менен жолугушуулар уюштурулуп турду. Сентябрь айында мамлекеттик тил күнүнө карата “Тил биримдик тиреги”иш чара өтүлдү. Бир айлык иш план түзүлүп ошонун негизинде иштер жүргүзүлдү Дүйнөлүк тазалык кунуно карата иш чаралар отулду..Анда айлана –чойрону тазалоо,арыктарды тазалоо, жашылдандырууга, көрктөндүрүүгө катышып, ишембилик өткөрүлдү . Октябрь айында карылар күнү жана майыптар күнүнө карата атайын айыл жаштары менен бирге Самансур айылындагы карылар менен майыптыгы бар балдарга көңүл бурулуп, “Боорукерлик алтын ачкыч”акциясынын негизинде колдон келген жардамдар көрсөтүлдү. Мектеп ичинде “Кыз-жигит”сармердени уюштурулуп жогорку деңгээлде өткөрүлдү. “Күз берекеси” менен мектепте күз майрамы уюштурулду. Анда класстар арасында кароо сынактар каралып , сүрөттөр конкурсу болду. Мугалимдер күнүнө арналган майрам Чымкоргон айыл өкмөтүнө мектеп мугалимдер жамааты флешмоб бийлеп байгелуу орунга ээ болушту. Темир жол жана жол коопсуздук эрежелери боюнча окуучуларга атайын тарбиялык сааттар өтүлдү. Ноябрь айында ар кандай оорулардын алдын алуу ошону менен күрөшүү максатында «Менин деним сак” темасында ата-энелер жана айылдык медиктер менен бирге аңгемелешүү, класстык сааттар өтүлдү. Ата – энелер комитеттери тарабынан таза абадагы мелдештер, оюндар, эс алуулар ата-энелер тарабынан окуучулар бирге уюштурулуп, өткөзүлдү. Спорт жана дене –тарбия иш-чаралары өтүлдү. Буткул дуйнолук СПИД күнүнө карата атайын тарбиялык сааттар жана айылдык фелдшер медайым менен жолугушуу 9-10-11-класстардын окуучуларына болуп, анда оруунун келип чыгышы андан сактануу жөнүндө ойлор айтылды. Балаты майрамы 11-класстын класс жетекчиси Алыбек кызы Анара жана окуучулар менен уюштурулуп балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша оюн зооктор менен коштолду. Тайгак жолдор, жол эрежелери жаңы жылдык салют, ар кандай жардыргычтар жана электр тогунун коопсуздугу жөнүндө окуучуларга түшүндүрмө иштери өтүлүп, кышкы каникул учурундагы окуучунун коопсуздугуна ата –энелер милдеттендирилип, тил каттар алынды. Январь айында “Кыш керемети”, “ Кышкы фантазия” сүрөт конкурсу уюштурулду. Окуучулардын чыгармачылыгы боюнча атайын бурчтар уюштурулду. Февраль айында “Эл аралык эне тил күнү”нө карата иш план түзүлүп, ошонун негизинде иштер алынып барылды. 23-февраль “Ата Мекенди коргоочулардын күнүнө” карата 22-февралда мектепте атайын иш чара өтүлдү.Анда 8-класстын класс жетекчиси Алыбек кызы Анара жана окуучулары даярдаган атайын концерттик оюн-зоок программа жана ар бир класстан куттуктоо программалары болду. Ыр,бий,жигиттерге

даярдалган кызыктуу оюндар, слайд менен коштолгон кече окуучулардын маанайын көтөрдү.

№67 буйруктун негизинде "Аскердик – атуулдук ырлардын 7-республикалык кароо-сынагын өткөрүү жөнүндө" Жобосунун негизинде мектеп ичинде 25-февралда "Согуш жылдарындагы ырлар", "Атуулдук ырлар" , "Көркөм окуу" номинациялары боюнча конкурс болуп өттү. Ага 3-класстын окуучуларынан баштап, 9-класстын окуучуларына чейин катышышты. Жакшы деп табылган 3- класстын окуучусу Нарынбекова Нурсулуу –" Атуулдук ырлар" номинациясы боюнча , 7-класстын окуучусу Мукаева Чолпон – "Согуш жылдарындагы ырлар" номинациясы боюнча жана 7-класстын окуучусу Медербекова Алтынай –"Көркөм айтуу" номинациясы боюнча районго көрсөтүлдү. 4-мартта райондук кароо сынакка катышып келишти.

3-март Кыргыз Республикасынын Туусунун кабыл алынгандыгынын 30 жылдыгына карата № 65 буйруктун негизинде иш план түзүлүп , иш-чаралар өтүлдү. Ар бир класста класстык сааттар өтүлдү. Дубал газеталар , буклеттер , башталгыч класстардын окуучулары китепчелерди жасап бурч уюштурулду. Окуучулар арасында дене тарбия мугалими Садыков Кубаныч агай спорттук мелдеш өткөрдү. Ар бир класс Туунун чечмелениши,мааниси тууралуу презентациялар,видео слайддар жасалып, окуучуларга ата-энелерге көрсөтүлдү. "Мамлекеттик Туунун келип чыгышы тарыхы" деген темада 10-11-класстар менен тегерек стол өтүлдү. Ар бир жуманын дүйшөмбү күндөрү биринчи сааттар Мамлекеттик Гимн менен башталып жатты. "Желбирей бер эркиндиктин желеги" аттуу 9-класстын класс жетекчиси Акматылдаева Ж жана окуучулары даярдаган салтанаттуу иш чара менен 3- март күнү жыйынтыкталды. Жыйынтыктоо концерттик программалар менен коштолду.

7-март күнү "Аялдардын эл аралык күнүнө" карата 7-класстын класс жетекчиси Абдыгулова Айнагул жана окуучулары даярдаган иш-чара концерттик программа менен коштолду.

Ар бир класстан кошумча программалар көрсөтүлүп,мугалим эжейлерге майрамдык маанай тартууланды.

№75 буйруктун негизинде Биз-жыйырма биринчи кылымдын интеллектуалдарыбыз" аттуу кароо сынак 14-март күнү мектеп ичинде болуп өттү. Анда балдар ойлоп табуу жөндөмдөрүнө жараша жасап келген проект,макеттеринен тандалып 7-класстын окуучу Мустафаев Нурбектин "Электр энергиясын үнөмдөөгө" арналган түбөлүк кыймылдаткыч деген макети жана 11-класстын окуучусу Темирбеков Нуржигиттин адам жашоосун жеңилдетүүгө арналган сууну үнөмдөө боюнча жасалган "Фонтан" макети,7-класстын окуучусу Айтпаева Жаркынайдын "Таза суу ичүү" боюнча балдарга арналган кутучасы районго көрсөтүлдү. 16 – мартта болуп өткөн кароо сынакта 7-класстын окуучусу Мустафаев Нурбектин "Электр энергиясын үнөмдөө" боюнча жасаган түбөлүк кыймылдаткыч макети райондон 1-орунду алып , областык кароо сынакка көрсөтүлдү. Областан 3- орунду ээлеп , байгелуу болуп келди.

18-март куну "Нооруз майрамына" карата 10-класстын класс жетекчиси Райымкулова Айзада жана окуучулары менен бирге майрамдык кече алып барышты. Улуттук каада салттар,улуттук оюндар,улуттук тамак – аштар,улуттук ыр,бийлер менен коштолгон кече жогорку деңгээлде өткөрүлдү. Ар бир класстын окуучулары активдуу катышышты. "Таза аймак" ураанынын алдында үч айлык пландын негизинде айлана чөйрөнү тазалоо көркдөндүрүү иштери болду. Анда мектептин жана үйлөрдүн тегерегине ар кандай көчөттөр отургузулуп , ар ишемби күндөрү ишембиликтер жүргүзүлүп турду. Апрель айында "Канаттуларга камкордук" деген аталышта уя жасоо конкурсуна катышып, байгелуу орунга ээ болду ."Жоопкерчиликтуу бол" акциясынын негизинде окуучулардын

Абдымомуновдун 100 жылдыгына карата иш план түзүлүп иштелип чыкты.

Жалпы линекайда Токтоболот Абдымомунов жөнүндө окуучуларга маалымат берилди жана пландар боюнча боюнча тааныштырылды.

Мектептин китепканасында китептери жана чыгармачылыгы , чыгармаларынан алынган сүрөттөр боюнча көргөзмөлөр уюштурулду. Көргөзмөгө каалаган окуучулар өздөрүнүн жасаган эмгектерин коюшту. Класс жетекчилер класстык сааттарды өтүштү. Анда окуучуларга маалымат беришти. Интернет булактарынан алынган видеолор,атайын жасалган слайддар көрсөтүлдү.

"Өрнөктүү өмүр" иш-чарасына Т.Абдымомуновдун чыгармаларынан үзүндүнү 10 минуттук сценка 5-6-7-8-9-10-11класстар коюп, ичинен жакшы деп табылган 9-класстын окучуларынын " Абийир кечирбейт" чыгармасынан алынган сценка районго көрсөтүлдү.

Турмуш жолун, чыгармачылыгын камтыган маалыматтар боюнча дубал газеталар,буклеттер жасалып, сүрөттөр тартылды. Абдымомуновдун 100 жылдыгына арналган иш чара 19.05.2022 күнү концерттик программанын коштоосунда жыйынтыкталды. Кыргыз тил мугалими Райымкулова Айзада 0смонбековна 10-класс менен бирге иш чараны алып барды. Окуучуларга Абдымомуновдун өмүрү жана чыгармалары жөнүндө кенен маалымат берилди. Кыргыз ССРинин эл жазуучусу драматург, коомдук ишмер Токтоболот Абдымомуновдун чыгармаларынан үзүндүлөр сахналаштырылып коюлду. Көркөм айтуу, музыкалык номерлер жана бий менен коштолгон иш чара Абдымомуновго арналып атайын жасалган слайд менен аяктады. 9-класстын окуучуларынын даярдаган "Абийир кечирбейт" драмасынан үзүндү ценка райондо көрсөтүлдү. Эртең мененки сергек жашоого үндөө максатында күнүгө 15 мунөттүк көнүгүү жасоо уюштурулуп , өтүлдү.май айында «Бүткүл союздук пионер уюмунун 100 жылдыгына" карата майрамдык линейка болду. Анда ар бир класс жүрүш , речевка, ыр , бий, сүрөт конкурсу, зарница даярдап,костер жагуу менен аяктады. "Кемин жылдыздары" кароо сынагына 10-11- класстардын кыздарынан түзүлгөн бийчи кыздар зоналык турдан өтүп, райондук турга катышып келишти. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучуларын эскерүү кечеси,жөө жүрүш , венок жасоо, сүрөт, дубал газеталарын жасоо уюштурулду.1-юнь балдарды коргоо күнүнө карата мектепте балдар үчүн салтанаттуу линейка , майрам уюштурулду. "Акыркы коңгуроо -2022 " майрамы 11-класстын окуучулары жана класс жетекчисинин даярдоосу менен жогорку деңгээлде уюштурулуп , өткөзүлдү. Жай мезгилиндеги окуучулардын ден соолугу, коопсуздугу ата – энелерге милдеттендирилип, тил каттар алынды. Башталгыч класстар үчүн жайкы лагерь уюштурулуп, Арымбаева Рахима жана Керим кызы Айжан 10 күндүк иш план иштеп чыгып ошонун негизинде окуучулар ар кандай кызыктуу иштер, оюндар болду. Жыл башында бекитилген пландагы иштер толук аткарылды.

Тарбия иштери боюнча

директордун орун басары Алыбек кызы А